*жүрөт экен.*

*Азыркы күндө кыргыздын Багыш уруусу Аксы районунун территориясынан башка Жалалабат областынын райондорунда, Наманган областынын Чартак, Жаңыкоргон райондорунун территорияларында отурукташкан. Жаңыкоргон районунда Аруу-Багыш деген чоң кыштак да бар. Мына ошол аксылык багыштардын бир бөлүгү мына ошол Көкүм бийдин түздөн-түз урпактарыбыз деп жүрүшөт. Дайым алар куран түшүрүшкөндө, алдын Көкүм бийдин арбагына багыштап, анан калгандарын эсептен чыгышып, анан бата тартышат, булар Чие уругундагы багыштар жана алар негизинен Аксы районунун Иренжит айылында отурукташкан. Санжыра боюнча бир кезде Ташкенди кыргыз-казак бөлүп сурап турушкан экен. Ошондо Ташкен 12 капкага бөлүнүп, анын алты капкасына Кыргыздар бийлик кылган дешет. Алты капкасына казактар бийлик кылат. Казактан бийликке Төлө бийди сунуш кылышкан дейт. Азыркы күндө казактар Төлө бийге улуттук баатыр деген чин беришип, эстелик тургузушту. Кыргыздардын билермандары болсо тийген алты капкага бийлик кылышка таарынчылыгын жазыш үчүн Багыштын небереси Көкүмдү сунуш кылышат да, Көкүмдү бий көтөрүшөт, кийин бийлик талашуудан Көкүм бий өлтүрүлөт да анын чиедей жаш балдары калат экен жана ошол балдардан тараган тукум Чие уругундагылар экен. Көкүм бийге болсо күмбөз тургузулуп, кунасын (үстүн) көк сыр менен сырдашкан экен. Мына ошондон Көкүм бийдин көк күмбөзү деген сөз эл оозунда калган дейт. Мына менин сурайын дегеним ушул. Чынында эле Көкүм бий тарыхый инсанбы, же болбосо кандай?*

*Эгерде тарыхый инсан болсо, бул дагы тарыхыбыздын бир ала жери го деп ойлойм. Эгерде тарыхый инсан болсо, анда ошол Көкүм бий жөнүндө маалымат бере аласызбы дегеним. Бул санжырага болгон кызыгуумду жакында болгон бир маалымат дагыда арттырды. Ал маалымат боюнча өткөн жылы казак-өзбек чек арасын тактašын жиктегенде Ташкен областынан бир кыштак Өзбек Республикасында калбайбыз, эгерде бизди Казакстанга өткөрүп бербесеңер анда биз өзүбүзчө республика болобуз деп айылын "Багыс (багыш) республикасы" деп жарыялашкан. Мына ушундан ошол багыштар Көкүм бийди аркалап барышып калып калган багыштардын тукумдарыбы деген ойго келдим да, мындан Көкүм бий чынында тарыхый инсан болгон го деген бүтүм чыгардым. Ушул маселеге сиздин газетанын бетинен жооп ала алар бекенмин деген үмүттө ушул катты жазууга туура келди.*

**Ташмурза АЙТМУРЗАЕВ,**
***Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, профессор***

...деген ат менен белгилүү болгон. Анын саясий таасири өтө жогорулап баратканын көрө албаган Ташкендеги казактын Жаныш уруусунун улугу Карабайтик уу бердирип өлтүргөн. Сөөгү Ташкен шаарынын (азыркы Шайхантаур району, Карлыгач мазары) четине коюлуп, Эшим хандын буйругу менен чоң күмбөз салынган. Күмбөздүн төбөсү көк сыр менен сырдалгандыктан, "Көкүмдүн көк күмбөзү" аталган. Бул күмбөздүн калдыгы азыркы күнгө чейин сакталып калган.

Адегенде Көкүм бий жөнүндөгү колдо бар материалдарды чогултуп, талдап көрдүм. Көкүм бий - тарыхый инсан болгондугу жөнүндө Кыргызстандын тарых наамасында үзүл-кесил жазылып жүргөн экен. Анын ысымын "Кыргызстан тарыхы" боюнча даярдаган окуу программаларына киргизип, орто мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн жаңы чыккан окуу китептеринде, окуу куралдарында да эскерип жүргөнбүз. Жогоруда айтылгандай Көкүм бий жөнүндө кыскача маалымат Кыргызстан тарыхы боюнча басмадан жаңы чыккан энциклопедияга да киргизилген. Бирок, бул инсан жөнүндө кеңири маалымат берген атайын макала же китеп болбогондугу айкын болду.

Кыргыз элинин тарыхынын негизги булактарынын бири санжырага кайрылсак Көкүм бий XVI к. кыргыз элин бириктириген Тагай бийдин урпагы катары эсептелет.

Тарыхта кыргыз эли XIII-XVI кк. аралыгында Чыңгыз хандын жана анын урпактарынын кол алдында калып, катуу ээзүүгө туш болгон. Чыңгыз хан Енисейдеги жана Теңир тоодогу кыргыздардын өтө ынтымактуу, согуштук тажрыйбасы чоң, курал жарагы мыкты жоокер эл экендигин жакшы билген. Ошондуктан Чыңгыз хан 1206-ж. бийликке келип, бир жыл өтпөй эле алгачкы жортуулду енисейлик кыргыздарды багындыруудан баштаган. Ошол кездеги саясий кырдаалды жакшы түшүнгөн кыргыз башчылары кеңешип туруп, тартуу менен Чыңгыз алдына келишип, анын бийлигин тааныгандыгын билдирген. Енисейлик кыргыздардын кан темирден (метиориттен) өтө курч, нар кескен кылыч, канжарларды, зоот бузган жебенин, найзанын учтарын жасарын жакшы билген кыйды Чыңгыз хан енисейлик кыргыздарга өзүнүн аскери үчүн курал-жарак жасоо ишин тапшырган.

1218-ж. кыргыздар менен коңшу жашаган туман уруулары Чыңгызхандын ээзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыгат. Чыңгыз хан бул көтөрүлүштү басуу, жазалоо ишин кыргыздарга тапшырат. Кыргыздар Чыңгыз хандын буйругун аткармак тургай өзүнө коңшу, алакалаш болуп жашап келген туматтарды колдоп, аларга кошулат. Каарданган Чыңгыз хан ал жакка уулу Жучу баштаган көп аскер жиберет. Кан суудай аккан бул салгылашта кыргыздар менен туматтар жеңилет. Бул көтөрүлүштү басууну шылтоо кылган Чыңгыз хан аскердик өнөрү, аскерлери үчүн курал-жарак жасоого мажбурлоого буйрук берген.

Курал-жаракты эң курч темир-метиориттен жасоонун сырын ошол кезде енисейлик кыргыздар гана билген. Ошондуктан Кытайдан Римге Улуу жибек жолунун бир бутагы енисейлик кыргыздарга барып такалган. Чыгыш-Батыш өлкөлөрүн байланыштырган соодагерлер дүйнөгө атагы чыккан курал-жарактарды алыш үчүн гана енисейлик кыргыздарга кайрылып өтүп турушкан. Кан темирди эритип курал-жарак жасоо үчүн кыргыздар токойлуу жерлердин четине атайын көмүр өчүрүүчү жайларды, устаканаларды жасашкан. Енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү токой кесип көмүр өчүрүү менен алек болсо, колунан көөрү төгүлгөн усталар темирди камырдай ийлеп андан дүнүйөнү таң калтырган, ар бир жоокердин кыялына төп келген курал-жарактарды жасашкан.

Азыркы кезде жүргүзүлгөн археологиялык казуулар Енисейдин аймагынан көптөгөн көмүр өчүрүлгөн жерлерди табышкан. Ал жерлердин айрымдарында өчүрүлгөн көмүрлөрдүн калдыгы беш, он метрлик катмарларды түзгөндүгү аныкталган. Ал эми курал-жарак жасаган устаканалар азыркы кездеги чоң мастерскойлорду элестеткен. Анткени, аларда бир эле мезгилде жүздөгөн усталар жана алардын шакирттери эмгектенген. Хакасиянын белгилүү тарыхчысы Ю.С.Худяковдун айтышы боюнча Хакасиянын эли енисейлик кыргыздардын мастерскойлору жайгашкан жерлерди "Кыргыз узанган жер" деп эмдигиче аздектөө менен аташып, ал жерлерге барып сыйынышат экен. Бул жерлерди изилдөө иштери азыр да улантылууда.

Сөздү алыстан баштап менин айтайын дегеним, Чыңгыз хан, анын урпактары кыргыз элине жакшылык кылган эмес. Ал бул жоокер элдин толук баш ийбесин түшүнүп, арамза саясаты менен кыргыздардын жоокерлерин баш көтөргүс кылып, ал эми усталарын өз аскерлери үчүн курал жасоого мажбурлаган. Ушундан улам тарыхта: "Чыңгызхандын империясын кыргыздын кылычы түзгөн, Европаны Чыңгызхан кыргыздын курал-жарагы менен караткан" - деген пикир жазылып калган.

Енисейлик кыргыздар баш көтөргүс болуп кыйраган соң, кыргыз элинин атын Теңиртоолук кыргыздар сактап турган. Бул жактагы кыргыздар да Чыңгыз хандын баскынчы саясатынан катуу жапа чеккен. Бул ээзүү XVI к., Чыңгызхандын империясы бөлүп-жаруунун натыйжасында алсыраганга чейин созулган.

Көкүм бийдин бабасы Тагай бийдин тушунда (XVI к.) Теңиртоолук кыргыздар өз алдынча мамлекет түзүүгө аракеттенет. Мунун башында Тагай бий турат. Ушул кезде теңиртоого да мусулман дини тарап, бекемделе коет. Көпкүн жол жүргөн соң, аларга дагы бир улан жолугат, ал: "бараар жерим, тууган-туушканым жок селсаяктык кылып жүрөм, мени да кошуп алгыла" - деп суранат. Макул деп аны да кошуп алышат. Жанкороз атасын Кочкор өрөөнүндө турган жеринен табат. Бийик дөбөдө эл менен отурган Тагай бий келген баласынын кабарын угуп: "Менин балам экендигиңди кантип далилдейсиң?" - дегенде Жанкороз энеси берген кестикти атасына сунат. Сабына каухар чөгөрүлгөн өзүнүн кестигин тааныган Тагай бий баласынын чекесинен өөп, жанына отургузат. Узак жолдо күнгө тотугуп күйгөн уулуна Карачоро деген ат коет. Уулу ээрчитип келген балдарын чоо-жайын айтып берет. Муну уккан Тагай бий: "Жолдо азыгыңды көтөрүп келген жолдошуңа Азык деп ат коеюн, бул жигит сарамжал көрүнөт, казына ээси болсун, ал эми турмуштун айынан селсаяктык кылып жүргөн бул тиригарак баланын аты Саяк болсун. Мындан ары силер да менин балдарым болгула дейт. Ушул кезде Тагайдын байбичесинен төрөлгөн үч уулу да эр жетип эл бийлегенге аралашып калган болот. Кыргыз элин бириктирүү максатында туу туткан Тагай бий булардан тышкары да балдарды багып алып аларга да өз балдарындай мамиле кылган. Ошондон улам эл ичинде "Тагайдын тогуз уулу, санап келсең он эки" деген накыл сөз айтылып калган. Бир күнү Тагай бий уулдарынын баарын чогултуп, аларга эли-жерин бөлүштүрөт.Тагай бийдин көзү өткөн соң керээзин, мурасын туу тутушкан анын уулдары өздөрүнө бөлүнгөн эли-жерин ынтымакта башкарышып, кыргыз элинин биримдиги үчүн күрөшүшөт.

Жылдар өтөт, тукум уланат. Тагай бийдин улуу баласы Богорстон солто уруусу тарайт, Койлондун эли жедигер уруусу деп аталат, Сарбагыштан (Кылжырдан) сарбагыш уруусу чыгат (кийинчерээк Кылжырдан эки үч муун өткөндөн кийин сарбагыш уруусунун бир бөлүгү касиеттүү Бугу эненин атын чакырып, бугу уруусу деп аталып калган) Карачородон (Жанкороздон) тарагандар багыш уруусу, ал эми Азыктан азык уруусу, Саяктан болсо саяк уруусу тарайт.



***(Уландысы бар)***

**Өскөн ОСМОНОВ,**
***Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын өткөрүү боюнча секретариаттын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор***




*(Башталышы өткөн санда)*

# Көкүм бий

**Тарыхый очерк**

Ушундан улам улуу санжырачылардын "Санжыра элди бөлбөйт, бириктирет" деген пикири эң туура экендигине күбө болобуз. Тагай бийден тараган солто, жедигер, сарбагыш, бугу, багыш, азык, саяк черик уруулары азыркы Кыргызстандын калкынын теңине жакынын түзөт. Булардын түбү бир, бир эле Тагай бийден тарагандар.

Ал эми буларга Тагайдын бир тууган агасы Адигинеден тараган урууларды, Адигине менен Тагайдын эжеси Наалы энеден тараган моңолдор коңурат ж.б. кошсок булар кыргыз элинин оң-сол деп аталган эки канатын азыркы кыргыздардын үчтөн экисин түзөт, Кыргыздын бул эки канаты Долон бийдин Абыл (Акуул) жана Кабыл (Куу уул) деген эки эгизинен тарайт.

Эгерде кыргыздын "ичкилик" бутагына кирген урууларынын санжырасын чечмелесек деле алардын түбү барып бир - Кыргыз Атага такалат. Бул эң байыркы доордо пайда болгон кыргыз элинин атын өчүрбөй, биримдикте кармап сактап келе жаткан, кыргыздын кылымдап калыптанган менталитетине, философиясына дал келген Улуу идеология. Азыркы саясатчылар, окумуштуулар бул улуу идеологияны жерибей анын улуу максатын өркүндөтүп-өстүрүшүбүз керек.

Санжыра жөнүндө сөз болгондо трайбализм деген жексур көрүнүштү жамай салуу адатыбыз бар. Трайбализм - латын тилинен которгондо «уруу» дегенди түшүндүрөт. Коомдук турмуштун өнүгүшүнүн кайсы бир учурунда уруулук түзүлүштүн пайда болушу адамзаттын чоң жетишкендиги болгон. Ал бир нече жүздөгөн кылымдарды камтып, адам коомунун өнүгүшүндө өтө маанилүү прогрессивдүү роль ойногон. Бирок адам коомунун тарыхында уруулук түзүлүштүн реакциячыл натыйжалары да болгон. Уруулар-

Жанкороз деп ураан чакырып келгенине караганда Көкүм бийдин чоң атасы ал жакта Жанкороз деген ат менен белгилүү болгон.

Дагы бир санжыра боюнча Ороз жашынан өрт чыгып, көчөдөгү балдарга күн көрсөтпөйт. Эл бул жалгыз Ороз биздин балдарга күн көрсөтпөс болду деп жүрүшүп, Ороз бара-бара Жанкороз аталып кетет. Жанкороз өспүрүм кезинде өзүнө окшогон жалаң тентек балдарды чогултуп, аларды өзүмдүн чоролорум деп, алар менен ар кандай жоокердик оюндарды уюштурган.

Кара тору жигиттин өзүнө чоро кураганын көргөн эл аны эми Карачоро деп атап калса керек. Тагай бийдин ордодогу аялынан төрөлгөн баланын Ороз, Жанкороз Карачоро деп бир нече түрдө аталышынан улам санжырада Карачоронун уулу Жанкороз тескерисинче Жангороз Карачоронун уулу, кээде Карачоро Жанкороздун жигити (чоросу) болгон деген чаташуулар келип чыккан.

Тактап айтканда, Тагайдын уулу Карачоро, Карачородон Багыш, Көкүм болсо Багыштын уулу. Ошондо Көкүм Тагай бийдин чөбөрөсү болот. Көкүмдүн Бешим, Куржу, Кабай, Жабай деген бир туугандары болгон. Булардан тарагандар кийин багыш уруусунун негизин



Кыйын кезеңде Манап бий менен Көкүм бий тил табышып, кыргыз элинин камын көрөт. Саясий кырдаалды жакшы түшүнгөн Тагай бийдин эки урпагы Ташкенден батышты карай Самарканга чейинки жерди ээлеп турган катаган уруусунун билерманы Турсун менен мамиле түзөт. Кыргыз уруулары казактар менен бирикмейинче каардуу душман калмактарга каршы туруу кыйынга турмак. Ошондуктан кыргыздын чоң бийлери кеңешип, казактын найман уруусунан чыккан баатыр, эңчегер бойлуу эр Эшим жана казактын жаныш уруусунан чыккан Карабайтик менен келишим түзүшөт.

Ушундан кийин кыргыз казак биримдиги чыңдалат. Бир тууган эки элдин жакшылары кеңешип олтуруп эки элге бирдей тең карасын деп Эр Эшимди кыргыз-казактын ханы кылып шайлашат. (Анткени Эшимдин энеси кыргыз кызы болуп, Эшим кыргызга жээн болгон). Хан ордосу ошол кездеги 12 капкалуу (дарбазалуу) Ташкен шаары болгон.

Ушуга байланыштуу Көкүм бий кыргыз-казак шериктештигин түзүүчүлөрдүн бири катары окуу китептерине, окуу куралдарына киргизилип окутулуп жүргөнүнө бир топ жыл болуп калды. (караңыз: Т.Чоротегин, Т.Өмүрбеков История Кыргызстана (IX-XVIII

дин тушунда иш кагаздарын ирээтке келтирип жазып, көздөп туруу үчүн атайын кишилер дайындалган. Көкүм бийдин шаарды башкарууда чыгарган жоболору көк менен көчүрүлүп көбөйтүлүп, эл башчыларына таратылган. Эл ичинде бул жоболордун топтому "Көкүм бийдин көктөмөсү" деген ат менен белгилүү болгон.

Ташкендин улугу катары бул шаардын социалдык-экономикалык маселелерин элдин талабына ылайык өз убагында чечип тургандыгы, шаар ичиндеги коомдук турмушту тартипке салгандыгы үчүн элдин шаардын улугуна болгон ыраазычылыгы артып, Көкүм бийдин аброю жогорулай берген. Анын эл үчүн жасаган иштерин Эшим хан да жогору баалап, аны өзүнүн ишенимдүү вазири кылып дайындайт. Эми Көкүм бий кыргыз-казактын бириккен хандыгынын алкагында саясий иштерди жүргүзө баштайт. Көкүм бийдин зоболосунун күн санап өсүп, эл ичинде кадыр-баркынын жогорулап баратышы анын көрө албаган душмандарынын кыжырын келтирет. Алардын башында казактын улугу Карабайтик турган. Ал казактардын улугу катары ферганалык кыргыздардын башында турган Көкүм бий менен эрегишип, атаандашып жүргөн. Карабайтик мурунтан эле Эшим хан менен жакшы мамиледе болгон. Эр Эшимдин хан көтөрүлүшүндө да маанилүү роль ойногон. Көкүмдүн саясаттагы жөндөмдүүлүгүн көрө алган эмес. Эшим хандын Көкүмгө ишенип, аны вазирлик мансапка дайындашы Карабайтиктин Көкүмгө болгон кастыгын күчөткөн. Ал Көкүмдү саясий күрөштө бийликтен четтете албасын түшүнгөн. Ошондуктан аны каранияттик менен өлтүрүүнү чечкен. Карабайтик өзүнүн арамза оюн ишке ашыруу үчүн Көкүм бийдин айланасында жүргөн адамдардын ичинен өзүнө окшогон каранает адамды таптырып, ал аркылуу Көкүм бийге тымызын уу бердирген.

Бала күнүнөн ден соолугу чың, денеси чымыр, күчтүү, эрктүү Көкүм бий байкоосуздан ууну ичкенден кийин да бат өлбөстөн чымырканып жашоо үчүн күрөшкөн, ишин улантткан, бирок анын шайы кетип, күн сайын алсырай берген.

Эл жайлоого көчө баштаган. Адатта Көкүм бий да жылына эл менен кошо жайлоого чыгып, ал жакта да бир нече ак өргө тиктирип, ордо уюштуруп, хандыктын иштерин жүргүзчү. Шаардын иштерин да тескеп турчу. Эшим хан менен жайлоодо чогуу болуп, мамлекеттик иштерди чогуу чечкен учурлары да көп болоор эле.

Бул жолу Көкүм бий жайлоого эл менен кошо көчө алган жок. Өзүнүн ак ордосун, бир




*(Башталышы өткөн сандарда)*

жаркылдаган улүу бабабыз Көкүм бий эли-жери үчүн тоодой бийик иштерди аткарып, бирок кыялындагы далай ойлорун ишке ашырылбай арманда кетти. Кыргыз-казак эли Эшим хан баш болуп чоң жоготууга учурады. Өзүнүн эң ишенимдүү вазири, жан досунан айрылган Эшим хан Көкүм өлгөндө анын сөөгү жаткан өргөнүн капшытына камчысын таянып чөгөлөп отуруп өкүргөн, Көкүмдүн сөөгүн чоң ариет менен узатууда, ага күмбөз тургузууда өзү башында турган деп айтылат санжырада.

баяндаган "Кантейиш", "Аккочкор, Каңкы" деген күүлөр жаралып, эл ичинде ушул күнгө чейин чертилип, сакталып калган.

Ошентип, Көкүм бийдин ишин анын балдары, неберелери, туугандары уланткан. Көкүмдүн урпактары кийинки мезгилдерге чейин эле Кыргызстандын түштүгүндөгү урууларды ынтымакта кармап, бийлеп келгендиги тарыхый даректерде, санжырада көп айтылып, жазылып калган. Бекеринен эл оозунда:

# Көкүм бий

## Тарыхый очерк

Үстү көк түстө болуп, заңкайып турган күмбөз "Көкүмдүн көк күмбөзү" деген ат менен тарыхта калган. Бул күмбөздү Көкүм бийдин Ош облусунун Аксы районунда жашаган урпактары Чыныбай болуш аттуу адамдын жетекчилиги менен 1928-ж. барып, бир сыйра ремонттоп келген. Күмбөз ушу кезде да Ташкен шаарынын Шайхантаур районундагы, темир жол вокзалына жакын жерде, мурдагыдай эле карлыгач мазары аталган көрүстөндө сакталып турат деген маалымат бар.

Санжырага кайрылсак Көкүм бий көк түстү жакшы көргөн. Ал көбүнчө көк түстөгү кийим кийген. Анын ата-бабасынан калган туусу (асабасы) да көк түстө болгон экен. Көкүмдүн күмбөзүнүн үстүнүн көк сыр менен сырдалышы да ошондон болсо керек. Бул күмбөз анын кыргыз эли үчүн жасаган иштеринин, эли үчүн каны-жанын аябай жан үрөп иштеген саясий ишмердин символу катары көп кылымдар бою элдин көңүлүн бурган.

Көк түс кыргыз элинин ыйык туткан түсү болгон. Элибиз кылымдар бою бул түстү улуу Теңирдин

Көкүмдүн кыргыз-казак элинин достугу үчүн жасаган, кыргыз урууларынын ынтымагы үчүн аткарган иштери, анын инсандык асыл сапаттары ал өлгөндөн кийин да эл ичинде аңыз болуп айтылып,анын өмүр жолу кийинки муундарга үлгү болгон.

Көкүм бий өлгөн кезде анын балдары жаш болгон экен. Эл аларды атасынан жаш калгандыктан "чиелер" деп атап калган. Ушундан улам Көкүмдүн балдарынан тарагандар "чиелер" уругу деп аталып калган. Сарбагыш уруусунда "чертикилер" уругу бар. Бул уруктун башаты Көкүм



Оо...кудурет:-
Түпөктүү найза ыргаган,
Түп атасы жыргаган,
Баш атасы жыргаган.
Башиктүү найза ыргаган,
Алты катар лөк өткөн,
Алты атасы бек өткөн,
Жети катар лөк өткөн,
Жети атасы бек өткөн.
Долононун укулу,
Толгон багыш тукуму,
Карагайдын укулу,
Кантейиштин тукуму.

деген кошок түрүндөгү ыр саптары сакталып калбаса керек. .

Улуу урматтуу Президентибиз Аскар Акаевдин кыргыз элинин тарыхына көргөн камкордугунун натыйжасында кыргыз тарыхында

# ОшМУ кабарлайт

2003-жылга өндүрүштөн ажыратып жана ажыратпастан окутуу үчүн төмөнкү адистиктер боюнча талапкерлерди аспирантурага кабыл алууну жарыялайт:

- ❖ химия, биология
- ❖ география, экология
- ❖ экономика жана укук
- ❖ кыргыз, орус, англис адабияты жана тилдери
- ❖ ата мекен тарыхы
- ❖ философия, социалдык иштер
- ❖ педагогика жана психология
- ❖ геометрия и топология
- ❖ дифференциалдык теңделмелер
- ❖ сабак берүүнүн усулу
- ❖ медицина
- ❖ ошондой эле докторантурага жана ага илимий кызматчылыгына: химия, философия, медицина адистиктерден.

Аспирантурага өндүрүштөн ажыратып окутуучу бөлүмүндө 3 жыл, ал эми сырттан окуу бөлүмүндө 4 жыл.

Документтер 1-октябрдан 30-октябрга чейин кабыл алынат. Кошумча маалымат боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:

Биздин дарек: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, 221-бөлмө

**Тел: 2-87-28, 5-69-27, илим жана аспирантура бөлүмү**

AMERICAN COUNCILS
АМЕРИКАНСКИЕ СОВЕТЫ
ПО МЕЖДУНАРОДНОМУ ОБРАЗОВАНИЮ
АСПРЯЛ ▲ АКСЕЛС

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА АМЕРИКАЛЫК КЕҢЕШ (АКСЕЛС) БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН БАШТАЛГАНДЫГЫН ЖАРЫЯЛАЙТ

АКСЕЛС ишке ашырып жаткан программанын стипендиаттарынын билим алуусуна, тамак-ашына, жатаканасына, медициналык камсыздандырууда жана жол киресине акы камсыздалат. Көпчүлүк программалар Америка Кошмо Штаттарынын Маалымат Агентствосу (ЮСАИД) тарабынан каржыланат. Бардык программалар конкурстун негизинде жүргүзүлөт.

2004-2005-окуу жылына карата төмөнкү программалар жарыяланат:

**Мектеп программасы**
**"Эркиндикти колдоо актысы"**

Окуу программасы Американын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуп, жана бир академиялык жылдын ичинде америкалык үй-бүлөдө жашоого мүмкүнчүлүк берет. Программага 9,10,11-класстардагы 1987-жылдын 1-январынан 1989-жылдын 15-июлуна чейинки мезгилде төрөлгөн окуучулар катыша алышат.

**Эдмунд С.Маски атындагы жогорку окуу жайынан кийинки окутуу программасы ("Эркиндикти колдоо актысы")**

Сорос Кыргызстан Фонду /Ачык Коом Институту (OSL) менен кызматташуу аркылуу АКСЕЛС Эдмунд С.Маски ("Эркиндик колдоо Актысы") атындагы жогорку окуу жайынан кийинки окутуу программасынын

